**Кыргыз Республикасынын төлөм системасынын ишине көзөмөлдүк (оверсайт)**

## 1. Улуттук төлөм системасынын ишине мониторинг жана талдап-иликтөөлөрдү жүргүзүү

### 1.1. Айкын убакыт ыргагында эсептешүүлөрдүн гросстук системасы (ГСРРВ)


2016-жылдын 1-чейрегинде ГСРРВ системасынын ишине мониторинг жүргүзүүнүн жыйынтыгы боюнча жүгүртүү көрсөткүчүнүн 42,84 пайызга өсүшү байкалган, жыйынтыгында ал 0,58 чегинде түптөлгөн. Коэффициенттин өсүшү Автоматташтырылган тоорук системасы (АТС) аркылуу өткөн "Баалуу кагаздар менен акча депозити" жана "Акча депозитин кайрадан сатып алуу" деген операциялар көлөмүнүн олуттуу көбөйүшү менен келип чыккан. Ликвиддүүлүк көрсөткүчү 30,02 пайызга - 1,73 чейин төмөндөгөн. 21 жана 22-графиктерде бул жана башка өзгөрүүлөрдү байкаса болот.

1-график. ГСРРВ системасында финансылык тобокелдиктердин деңгээли




Системадагы жүгүртүүлөр 699,1 млрд сом чегинде түптөлгөн, бул өткөн отчеттук мезгилдин көрсөткүчүнөн 25,2 пайызга жогору болгон, ал айрыкча АТС аркылуу өткөн операциялар көлөмүнүн өзгөрүүсүнөн улам жүргөн. Системада жүгүртүүлөрдүн жалпы көлөмүнүн мындай өсүш арымы акыркы үч мезгил катары байкалган.


2-график. ГСРРВдагы ортокүндүк төлөмдөрдүн көлөмү жана ликвидүүлүк көрсөткүчтүн өзгөрүү динамикасы




Ликвиддүүлүк деңгээлине карата төлөмдөр көлөмүнүн катышына жүргүзүлгөн талдап-иликтөөлөрдүн негизинде *финансылык тобокелдиктердин деңгээли,* система ичинде жүгүртүүгө карата ликвиддүү каражаттарынын көрсөткүчү артышынан улам, минималдуу бойдон калган.

Системада орун алышы мүмкүн болгон финансылык тобокелдиктердин дагы бир көрсөткүчүнөн болуп, катышуучулардын төлөмдөрүнүн кезекке туруп калышы саналат, ал катышуучунун Улуттук банктгы корреспонденттик эсебинде акча каражаттарынын жетишсиз болушу менен шартталат. Отчеттук мезгилде ГСРРВ системасынын ичинде кезекке тургандардан 25,55 млн сомго узактыгы 4 саат 41 минута менен 10 төлөм катталган.

3-график. Кезекке туруп калган төлөмдөрдүн саны жана суммардык мөөнөтү




*Системада орун алган операциялык тобокелдиктер.* ГСРРВ системасынын ишине жүргүзүлгөн талдап - иликтөөлөр операциялык күндү узартууну тобокелдик фактору катары эске алуу менен жеткиликтүүлүк көрсөткүчү[1] 100,00 пайызды түзгөн. Ошол эле учурда системадагы операциялык тобокелдиктин деңгээли 2,94 пайыздын чегинде түптөлгөн (өткөн мезгилдеги көрсөткүчтөн 1,00 пайызга төмөн). Бул көрсөткүчтүн мааниси катышуучулардын өтүнүчү боюнча системанын ишин узартуунун натыйжасында анын иш регламентинин бузулушу менен шартталган. Узартуулардын суммардык убактысы 15 саат 25 минутаны түзгөн, алардын ичинен максималдуу убакыт – 2 саат 40 минута (2016-жылдын 29- февралында).

Бул бузуулар Улуттук банктын тарифтик саясаты менен Улуттук банк Башкармасынын ар бир айдын акыркы 3 күнүнүн ичинде бюджеттик төлөмдөрдү жүргүзүү боюнча атайын чечими менен жөнгө салынат.

4-график. Эсептешүүлөрдүн гросстук системасында жеткиликтүүлүк көрсөткүчүнүн жана операциялык тобокелдиктин катышы





[1] Жеткиликтүүлүк коэффициенти- бул, системанын пайдалануучулары үчүн алардын талаптары боюнча кызматтардан жана маалыматтардан пайдалануу мүмкүнчүлүгү катары системанын жеткиликтүүлүгүн мүнөздөгөн көрсөткүч. Техникалык кемчиликтерден, электрэнергиясынын өчүрүлүшүнөн, системанын операциялык күнүнүн кеч ачылышынан же эрте жабылышынан улам системадагы үзгүлтүктөр системадан пайдалануу убактысын кыскартат.

## 1.2. Пакеттик клиринг системасы

*Пакеттик клиринг системасындагы финансылык тобокелдиктер*. Отчеттук мезгил ичинде белгиленген акча каражаттардын резервинен дебеттик таза позициянын ашканына байланыштуу фактылар системада катталган эмес. Төмөнкү графикте көрсөтүлгөндөй эле, катышуучулар пакеттик клиринг системасында акыркы эсептешүүлөрдү жүргүзүү үчүн талаптагыдан көбүрөөк каражаттарды резервге коюшууда.

Ошентип, отчеттук мезгилде дебеттик таза позициянын ордун жабууга катышуучулар тарабынан коюлган резервдер талап кылынган ликвиддүүлүктүн деңгээлинен 4,9 эсе ашкан.

**5-график. 2016-жылдын 1-чейреги ичинде Пакеттик клиринг системасында дебеттик таза позициянын ордун жабууга карата камдын жана анын суммардык маанисинин катышы (млн сом)**





Пакеттик клиринг системасында четке кагылган төлөмдөрдүн жалпы саны 157,9 млн сом суммасында 3 362 төлөмдү түзгөн (системада иштелип чыккан төлөмдөрдүн жалпы санынан 0,42 пайыз), (иштетилип чыккан төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнөн 0,66 пайыз). Кайталанган референстер менен төлөмдөр четке кагылган төлөмдөрдүн негизги себебинен болуп саналган.


1-таблица. Пакеттик клиринг системасында система тарабынан четке кагылган төлөмдөрдүн бөлүштүрүү түрлөрү

| Себептери | 2015-ж. 1-ч. | | 2015-ж. 4-ч. | | 2016-ж. 1-ч. | | Өсүш (%) | | Абстрактуу түрдө өсүшү | | Үлүш (%) | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | көлөмү (млн сом) | саны (даана) | көлөмү (млн сом) | саны (даана) | көлөмү (млн сом) | саны (даана) | көлөмү (%) | саны (%) | көлөмү (%) | саны (%) | көлөмү (%) | саны (%) |
| Бардыгы | 181,0 | 3 323 | 343,4 | 4 749 | 157,9 | 3 362 | -54,0 | -29 | -23,1 | 39 | 100,0 | 100,0 |
| Субкатышуучунун туура эмес коду | 4,7 | 191 | 35,7 | 932 | 5,6 | 311 | -84,3 | -67 | 0,9 | 120 | 3,5 | 9,3 |
| Туура эмес эсеп | 33,3 | 530 | 122,9 | 1180 | 29,8 | 498 | -75,7 | -58 | -3,5 | -32 | 18,9 | 14,8 |
| Төлөмдүн туура эмес коду | 51,6 | 1405 | 43,9 | 817 | 25,5 | 691 | -42,0 | -15 | -26,1 | -714 | 16,1 | 20,6 |
| Кайталанган референс | 15,0 | 557 | 71,6 | 1179 | 31,6 | 1 199 | -55,8 | 2 | 16,6 | 642 | 20,0 | 35,7 |
| Төлөмдүн суммасынын максималдуу маанидeн артышы | 54,7 | 26 | 42,1 | 20 | 32,5 | 13 | -22,8 | -35 | -22,2 | -13 | 20,6 | 0,4 |
| Башка төлөмдөр | 21,8 | 614 | 27,3 | 621 | 32,9 | 650 | 20,7 | 5 | 11,1 | 36 | 20,8 | 19,3 |
| Жалпы иштелип чыккан төлөмдөр | 19 491,9 | 660 893 | 32 899,4 | 883 304 | 23 827,7 | 809 090 | | | | | | |
| Четке кагылган төлөмдөрдүн иштелип чыккан төлөмдөргө карата үлүшү | 0,0 | 0,50% | 0,0 | 0,54% | 0,0 | 0,42% | | | 0,0 | -0,09% | | |

**6-график. Коммерциялык банктарда четке кагылган төлөмдөрдүн саны**




**27-график. СПКдагы жеткиликтүүлүк көрсөткүчүнүн жана операциялы тобокелдиктин ара катышы**





*Системадагы операциялык тобокелдиктер*. 2016-жылдын 1-чейрегинде Пакеттик клиринг системасынын ишине мониторинг жүргүзүүнүн жыйынтыгында, системадан пайдалана алуу көрсөткүчү 100 пайызды түзгөн, операциялык тобокелдик деңгээли системада 1,21 пайыз чегинде түптөлгөн. Операциялык тобокелдиктин ушул көрсөткүчүнө системанын иш регламентинин узартылышы таасирин тийгизген. Катышуучулар тарабынан системанын ишин узартуунун суммардык убактысы 4 саат 40 минутаны түзгөн, алардын ичинен эң узак мөөнөтү –

2 саат 10 минута (2016-жылдын 16-январында файлдарды өткөрүп берүү боюнча проблемалар системанын катышуучусунда болгон).

*Потенциалдуу тобокелдиктерге баа берүү:* **тобокелдиктер маанилүү эмес**. 2016-жылдын 1-чейрегинде Пакеттик клиринг системасынын ишинде **техникалык бузулуулар** байкалган эмес.

### 1.3. «Элкарт» карты менен эсептешүүлөрдүн улуттук төлөм системасы

**8-график. Бирдиктүү банктар аралык процессинг борборунда операциялык тобокелдиктин жеткиликтүүлүк көрсөткүчүнүн**




*Системадагы операциялык тобокелдиктер.* Маанилүү төлөм системалардын ишине кезектеги мониторингдин жана талдап-иликтөөлөрдүн жыйынтыгы боюнча «*Элкарт» улуттук төлөм системасында* жеткиликтүүлүк деңгээли 2016-жылдын 1-чейрегинде 99,33 пайызды түзгөн. Аппараттык жана түйүндүк деңгээлде техникалык үзгүлтүктөрдүн натыйжасында жана алдын алуу иштерине байланыштуу операциялык тобокелдиктер 0,67 пайызды түзгөн.

*Потенциалдуу тобокелдиктерге баа берүү:* системадан айрым катышуучулардын пайдалана албагандыгынан үзгүлтүктөр олуттуу эмес деп бааланган. Тобокелдиктерге баа берүү иши система катышуучулары үчүн финансылык жоготуулардын болушу ыктымалдыгын жана система операторунун иш аброюн төмөндөтүү тобокелдиктерин камтыбай койбойт.

### 1.4. Төлөм карттарын пайдалануу менен эсептешүүлөр системасындагы алдамчылык транзакциялар

Коммерциялык банктардан мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик банктык отчет чегинде алынган маалыматтарга талдап-иликтөөлөрдүн натыйжасында, төлөм карттары менен эсептешүүлөр системасында, 2016-жылдын 1-чейреги ичинде 97 шектүү операция катталган (эл аралык VISA Int. системасынын карттарын пайдалануу менен 83, «Элкарт» карттары менен 14 транзакция). Алардын ичинен алдамчылык транзакциялар катары 2 561 942,3 сом жалпы суммасында 20 транзакция каралган.

2-таблица. Банктык карттарды пайдалануу менен алдамчылык ыкмалар боюнча маалымат

| Алдамчылык ыкмасы | 2015-ж. 3-ч. | | 2015-ж. 4-ч.* | | 2016-ж. 1-ч. | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | **Саны** | **Көлөмү (сом)** | **Саны** | **Көлөмү (сом)** | **Саны** | **Көлөмү (сом)** |
| Жасалма төлөм карттар: | - | - | - | - | - | - |
| -MasterCard | - | - | - | - | - | - |
| -Visa | - | - | - | - | - | - |
| -Элкарт | - | - | - | - | - | - |
| Жоготулган, уурдатылган, унутулган төлөм карттар: | - | - | - | - | - | - |
| -MasterCard | - | - | - | - | - | - |
| -Visa | - | - | - | - | - | - |
| -Элкарт | - | - | - | - | - | - |
| Почта, телефон, интернет аркылуу буйуртма (скимминг): | 5 | 76 407,6 | 246 | 2 714 405,1 | 15 | 98 910,7 |
| -MasterCard | - | - | - | - | - | - |
| -Visa | 5 | 76 407,6 | 246 | 2 714 405,1 | 15 | 98 910,7 |
| -Элкарт | - | - | - | - | - | - |
| Башка транзакциялар (нак акчаны чыгаруу): | 35 | 451 772,4 | 14 | 274 193,1 | 5 | 2 463 031,6 |
| -MasterCard | - | - | - | - | - | - |
| -Visa | 31 | 416 767,4 | 13 | 269 068,1 | 5 | 2 463 031,6 |
| -Элкарт | 4 | 35 005,0 | 1,00 | 5 125,0 | - | - |
| **Бардыгы** | **40** | **528 180,0** | **260** | **2 988 598,2** | **20** | **2 561 942,3** |

* - кошумча алынган маалыматтарды эске алуу менен корректировкаланган.

Финансылык жоготуулардын келип чыгышынын негизги себеби Интернет түйүнүнө санкцияланбаган транзакциялар үчүн банктык карттардын маалыматтарын колдонуу жана компрометация эле. Ошондой эле коопсуздук эрежелерин сактабаган карт ээлери жана картты чыгаруучу банк-эмитент менен келишим шарттарын бузгандыгы да финансылык жоготууларга алып келет (мында, төлөм картынан үчүнчү жактардын пайдалана алуу мүмкүнчүлүгү чектелген эмес, ПИН-коддун купуялуулугу жана сакталышы камсыз болбогон).

Башка шектүү транзакциялар өз учурунда аныкталып, система тарабынан четке кагылган. Банктар финансылык жоготууларга учураган эмес.


### 1.5. SWIFT жамааттык пайдалануу түйүнүнүн ишине контролдук

*Системадагы операциялык тобокелдиктер*. 2016-жылдын 1-чейреги ичинде операциялык тобокелдик аныкталган эмес, системадан пайдалана алуу коэффициенти 97,44 пайызды түзгөн. Пайдалануу көрсөткүчүнүн төмөндөөсүнө төмөнкү банктардын SWIFT жамааттык пайдалануу түйүнүнө кошулуусу боюнча пландык иштер таасир эткен:

- 2016-жылдын 7-февралында «Чанг Ан Банк» ААКсы (2016-жылдын 3-февралындагы 143-6/913);
- 2016-жылдын 6-мартында «Банк Компаньон» ЖАК (2016-жылдын 3-мартындагы 143-6/1893).

Ушуну менен бирге SWIFTтин окуя журналдарынын жана билдирмелеринин архивин түзүү жана сервердик бөлүмдө (2016-жылдын 23-январь жана 20-февраль айлары) пландык иштер да таасирин тийгизген.

**9-график. SWIFT жааматтык пайдалануу түйүнүндө операциялык тобокелдиктин жана жеткиликтүүлүктүн көрсөткүчү**





SWIFT жамааттык пайдалануу түйүнүнүн эрежелерине ылайык Улуттук банк катышуучу банктарга жүргүзүлүп жаткан иштер жөнүндө алдын ала маалымдаган. SWIFT жамааттык пайдалануу түйүнүнө кошулуу жана аны пайдалануу жөнүндө келишимге ылайык, штаттан тышкаркы жагдайлар орун алган шартта, коммерциялык банктар иште билдирүүлөрдү берүүнүн альтернативалуу каражаттарын колдонушу зарыл. Коммерциялык банктардын байланыштын альтернативалуу каналдарынын болушу жөнүндө жоопторуна талдап-иликтөөлөр бардык банктар ушундай каналдарга ээ экендигин көрсөткөн.

SWIFT системасында операциялык тобокелдиктер деңгээли минималдуу бойдон калган.

## 1.6. <u>Системанын катышуучулар жагында төлөм системасынын үзгүлтүксүз иш алып барууcуна талдап-иликтөөлөрдү жүргүзүү</u>

Коммерциялык банктардын мезгил-мезгили менен берилүүчү банктык регулятивдик отчеттун чегинде алынуучу маалыматтарына талдап-иликтөөлөрдү жүргүзүүнүн жыйынтыгында, 2016-жылдын 1-чейреги ичинде системанын ишинде 438 штаттан тышкаркы жагдай катталган.

**10-график. Коммерциялык банктарга 2016-жылдын 1-чейреги ичинде штаттан тышкары жагдайлардын келип чыгышынын негизги себептери**




Маалыматтарды талдап-иликтөөнүн жыйынтыгында олуттуу мүнөздөгү штаттан тышкаркы жагдайлардын үлүшү алардын жалпы санынан 10,50 пайызды, олуттуу эместер 89,50 пайызды түзгөн.

Ошентип, үзгүлтүктөрдүн төмөнкү негизги түрлөрүн бөлсө болот:

- *<u>энергия менен камсыз кылуу жагында бузулуулар</u>* – төлөм системаларынын ишиндеги штаттан тышкарки жагдайлардын жалпы санынан 23,29 пайызды түзгөн.

*Потенциалдуу тобокелдиктерге баа берүү:* тобокелдиктер олуттуу эмес, анткени финансылык жоготуулар катталган эмес. Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларынын талаптарына ылайык банктар үзгүлтүксүз камсыз кылуу булактары менен жабдылган, бирок электр энергиясынын өчүрүлүшү, банктардын аралыкта орнотулган айрым жабдууларынын иштешине таасирин тийгизген.




- *<u>байланыш каналдарындагы бузулуулар</u>* төлөм системаларынын ишиндеги штаттан тышкарки жагдайлардын жалпы санынан 8,68 пайызды түзгөн.
- *<u>Аппараттык-программалык комплекстин жана аралыкта орнотулган жабдуулардын ишинде бузулуулар</u>* төлөм системаларынын ишиндеги штаттан тышкарки жагдайлардын жалпы санынан 8,90 пайызды түзгөн.

*Потенциалдуу тобокелдиктерге баа берүү:* бул бузулуулар финансылык жоготууларга дуушар кылган эмес, бирок банкттардын имиджине жана кардарлардын банктык кызматтарга жана төлөм системасынын ишине карата ишенимине терс таасирин тийгизет, ошондой эле коммерциялык банктардын пайда алуусуна да тобокелдиктерди жаратат.